**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ШААРДЫК**
**АЙМАКТЫК**
**ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ГОРОДСКАЯ**
**ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**
**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

722600, Кыргыз Республикасы,
Нарын шаары, Ленин көчөсү 76

E-mail: adm63@shailoo.gov.kg

Тел. (03522) 5-60-19

722600, Кыргызская Республика,
город Нарын, ул. Ленина 76

E-mail: adm63@shailoo.gov.kg

Тел. (03522) 5-60-19

«19» 04 **2021-ж.** **Нарын шаары**

**ЧЕЧИМ № 58**

**«Клооп Медиа» коомдук фондунан келген Нарын шаарындагы 4064 участкасында байкоочуларга милиция кызматкери ары бери жылууга жана сүрөт видео тартууга тыюу салды деген арызын кароо жөнүндө**

Нарын шаарындагы №4064 участкалык шайлоо комиссиясында байкоочуларга милиция кызматкери байкоочуларга мыйзамсыз тыюу салды деген арызын териштирүүдө, 4064 участкасынын төрайымынын билдирүүсү угулду. Анда шайлоо күнү участкада милиция кызматкери комиссиянын ишине тоскоолдук кылбагыла деген мааниде гана коомдук тартипти сактоону талап кылган. КРнын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 31-беренесине ылайык шайлоо процессинин катышуучулары шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук жаратпашы керек. Милиция кызматкери мыйзам чегинде гана иш жүргүздү деп белгилеп, шайлоо учурунда эч кандай келишпестик болбогондугун билдирди. Аймактык шайлоо комиссиясы арызда дагы мыйзам бузулганы боюнча далилдүү факт тиркелген эмес деп белгиледи.

Арызды карап Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясы

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. Нарын шаарындагы №4064 участкалык шайлоо комиссиясында шайлоо мыйзамдарын бузуу фактысы аныкталган жок деп табылсын.

2. Бул чечим «Клооп Медиа» коомдук фондуна жиберилсин.

**Төрага** **В.Качкымбаева**

**Катчы** **Б.Жакыпова**